окуу, *тарбия, мугалим, накыл кеп.*

THE SIGNIFICANCE OF CONFUCIUS' PROVERBS ON EDUCATION AND EDUCATION IN THE STORY OF CHINGIZ AITMATOV"THE FIRST TEACHER"

Zakirova Bermet Abdikalilovna - teacher
E- mail: bermet.zakirova82@gmail.com
Osh State University
Osh, Kyrgyz Republic

***Annotation**: The issues of education and upbringing in Aitmatov's work "The First Teacher" are compared with the proverbs of the Chinese philosopher. Based on scientific sources and work, the significance of Confucian proverbs is analyzed. The analysis of proverbs focuses on the study of some similarities in the culture of speech of the Chinese and Kyrgyz people.*

To master proverbs and sayings, you need to follow the traditions, customs and peculiarities of other peoples. Chinese and Kyrgyz differ from each other in history, religion, psychology, humanism, proverbs and sayings. The goal is for future Chinese scholars to understand these issues, to learn the features and similarities in the speech art of the Kyrgyz and Chinese peoples.

An hour as an object of research. Aitmatov's work "The First Teacher" and proverbs of Confucius, a dictionary of proverbs, samples of fiction were received. The methods of analysis, synthesis, and description were used in the study.

***Keywords**: character, education, training, upbringing, teacher, proverb.*

Киришүү. Адабият менен таалим-тарбияга багыттоо милдети канча мезгил өтсө да түгөнгүс дөөлөт катары адамзат тарыхында кызмат кылат. Көркөм адабияттын тарбия маданиятына кошкон салымы зор. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы билим-тарбияга багытталган нускалуу үлгүлөрдөн башка улуттун да дүйнө таанымы өзгөрдү, кыргыз элине болгон көз карашы түптөлдү. Кытай элинде Ч.Айтматовду таануу 60-жылдарга туура келет, учурда анын чыгармаларын окуган окурмандардын саны арбын жана Айтматовго арналган монографиялар, илимий иштер, магистрдик, докторлук диссертациялар жазылууда. Болочоктогу кытай таануучуларга эки элдин адабиятында, маданиятында чоң орду бар, философиялык ойлорду мыкты чагылдыра билген залкар инсандар Ч.Айтматов менен Конфуцийдин ой жүгүртүүсүндөгү, дүйнө таанымындагы айрым окшоштуктарды иликтөөнү туура көрдүк жана эки элдин (кыргыз-кытай) накыл кептеринин окшоштуктарынын, өзгөчөлүктөрүнүн изилденбегендиги темабыздын актуалдуулугун түзөт.

Изилдөөнүн объекти катары Ч.Айтматовдун «Биринчи мугалим» чыгармасы жана Конфуцийдин накыл кептери, накыл кептердин сөздүгү, көркөм адабият үлгүлөрү алынды.

Чебер жана залкар жазуучу Ч.Айтматов өзүнүн ар бир чыгармасында адамдык мамилелердин жөнгө салынышын, таалим-тарбия маселесин мифологиялык образдар, символикалык түшүнүктөр менен масштабдуу түрдө көрсөткөн. Чыгармадагы каармандардын, кейипкерлердин ички дүйнөсү, толгонуусу, ойлоосу, диалог, монологдору

аркылуу бүгүнкү күндөгү жашоого үндөп, реалдуулукту чагылдырат [3]. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын таалим-тарбия сабактары көп кырдуу жана терең. Мына ушул өзгөчө касиеттеринен улам анын чыгармалары мезгилдин өтүшүнө карабай өйдөлөп олтурат. Жазуучунун “Биринчи мугалим” повестинде берилген билимге болгон умтулуу, билимдин өмүр бою адам баласына керектүүлүгү, канча мезгил өтсө да актуалдуу маселе бойдон калат. Даанышман жазуучу көркөм сөз өнөрүнүн жардамында адам турмушундагы билим муктаждыгын ортого салат.

Изилдөөнүн методдору жана материалдары. Негизинен эки элдин накыл кебинин маанилерин салыштырып изилдөөдө кеңири жайылтылган методдор колдонулду. Ишибизде коюлган максатка жетүү үчүн салттуу изилдөөнүн ыкмалары, б.а., салыштырма-тарыхый, анализ, синтез ыкмалары пайдаланылды.

“Биринчи мугалим” повестинде билим алуу, билимге умтулуу, билимдүүлүк маселесин автор өзгөчө көз карашта чечмелейт. Эч ким айта албаган, эч ким баштай албаган ишти Дүйшөн баштайт. Ал мектепте балдарга билим, тарбия берүүнү, ак менен караны ажырата билүүнү үйрөтүү максатын көздөп байдын атканасын оңдоп балдарды окутууга киришти. Чыгармада жыйырманчы жылдардагы кыргыз айылындагы агартуу иштеринин ишке ашырылышы тууралуу сөз болот. Балдарга таалим-тарбия жеткирем деген биринчи мугалим Дүйшөн тууралуу окуялар баяндалат. Башкы каарман Дүйшөн Алтынайдын зээндүүлүгүн, илимге болгон кызыгуусун сезе алды. Дүйшөндүн иш-аракети бул ошол мезгилдеги чоң эрдик десек болот.

Кыргыз Дүйшөнү сыяктуу Кытай философторунун ичинен өзүнүн мектебин ачкан, маанилүү кеп калтырган Конфуций (б.з.ч..551-479-жж) болуп эсептелет. Кытайлар Конфуцийдин жазып кеткен эрежелерин жашоодо адеп- ахлак эрежеси катары колдонушат. Анын философиялык системасынын борборунда адеп-ахлак жана тарбия маселелери турат. Рухий маданиятына, саясий турмушуна жана коомдун өнүгүшүнө таасир тийгизген этикалык-саясий окуу. Конфуцийчиликтин идеялары андан ары өнүктүрүлүп, кийин ал дин катарында таанылган. Анын окуусу азыркыга чейин улантылып келет. Кытайдын улуу философу менен кыргыздын алп жазуучусу Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалимдеги” айтылгандардан бир топ шайкештиктерди байкоого болот. Конфуций өзүнүн накыл сөздөрүн насаат катары калтырып кеткен болсо, ал эми Айтматов өзүнүн чыгармаларында каармандардын образы, сөздөрү аркылуу берген.

Окуу - бул адам баласын бакытка, улуу бийиктикке жеткирчү нерсе. Конфуцийдин: “Окуп- үйрөн, таанып-бил, билгенинди бекемдеп, ар дайым билимдин жаны ашуусун багындырганын-бактын эмести” - деген сөзү бар. Бул шайкештик “Биринчи мугалимде” Дүйшөндүн сөздөрү аркылуу жеткирилет. Муну төмөнкү мисалдан көрүүгө болот:

... Экөөбүз азыр бир иш кылабыз, Алтынай, - деди, өзүнчө сүйүнгөндөй мени күлө карап, - мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чонойгончо, сен дагы жетилип, жакшы киши болуп, көктөп бүрдөйсүң. Менин баамымда сен чоң бир окумуштуу адам болосуң. Айтты- айтпады дээрсиң, сенин таалайыңа жазылып турат, жайнаган көздөрүндөң айланайыным, тал-чыбыктай солкулдак кезиң, зээниң бар, акылын тунук. Ушул тилекке багыштап алып келдим элем, кел эми өз колубуз менен тигип коёлу. Багың окуудан ачылсын! [2, 46-б.].

"*Окуп-үйрөнүп жаткандар үчүн айырма болбойт*" - деген Конфуцийдин сөзүнө маанилештикти чыгарманын төмөнкү үзүндүлөрү менен берсек болот:

... Дүйшөн Алтынайды окууга чакырганы барганда женеси: - *Мунун жаш-пашын эмне кыласың? Буга окшогон томаяк куу жетим эмес, нанды "нана" деп жүргөн аталуу-энелүү эркелер да окубай жүрөт. Тетиги ээрчиткен балдарды эле окутуп ал, мында ишиң болбосун*. Дүйшөн ордунан секирип тура келди. Өңү кумсарып, бүркүт канат каштары куушурула түштү:

- *Бул эмне дегениңиз. Жетим деген Кудайга жазыптырбы! Жетим кыздар окубасын деген закон бар бекен?*

- *Закун-пукунуң менен ишим жок.*

- Байкап сүйлөнүз. Бул кыз сизге кереги жок болсо, кеңеш өкүматына керек! Жооп берип калып жүрбөңүз! [2, 46-б.].

Мында Дүйшөндүн келечек муун үчүн жанын берип, окууга үгүттөгөнү, эртеңкинин жарык жолун ачууга дилгирленгени көрүнүп турат. Демек, чыгармадагы борбордук идея – педагогдук ишке өзүн арноо.

Педагогдор, бизге билим берген устаттар – булар эң улуу адамдар. Конфуций: “*Эгерде окууму эч ким кабыл албаса кайыкка түшөт элем да, деңиз менен сүзүп кетет элем*”, - дейт. Бул ой Дүйшөн мугалими тууралуу Алтынайдын эскерүүлөрүндө белгиленет: “*Дүйшөн билгенин аябай, ар бирибиздин үстүбүзгө үйрүлүп, калем кармоодон тарта үйрөтүп, биз укпаган саясый сөздөргө чейин түшүндүрүп, окутууга аракеттенип жатты. Азыр ойлосом, колунда кармаган алиппеси жок бул чала сабат, эки сөздү эптеп кошуп окуткан жаш жигиттин, албетте, анда окутуунун тартиби, жол-жобосу жөнүндө эч кандай кабары болгон эмес. Окутат десе ушул деп билгениндей, өзүнүн оюна туура келгениндей окута берген. Бирок анын ак пейили менен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. Анткени, айылынын четине чыгып көрбөгөн тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, бул мектеп деп аталган туш-туш жыртыгынан шамал ышкырып, эшигинин жылчыктарынан тээ алыстагы ак карлуу тоо чокулары көрүнгөн ышталган котур тамда кулак угуп, көз көрбөгөн укмуштуу жаңы дүйнө ачылды*” [2, 46-б.]. Дүйшөн өмүрү кыл учунда турса да, көпкөн байлардын союлунан эстен тана токмок жесе да, балдарды окутуу аркылуу караңгылыктын капканынан сууруп чыгууга зор кайраты менен чечкиндүү кадам жасайт.

Окуу тууралуу, Конфуцийдин: “*Эч качан окуудан көңүлүң калбасын, өлөр-өлгөнчө ыймандын жол-жобосунда бол*” - деген насаат кебине Алтынайдын: “*Мен эми сөзсүз мектепке окуйм! Өзүм гана эмес, башка балдарды да ээрчитем*!” *- деп көңүлүм көтөрүлүп, сыймыктанып келе жаттым*”, - деген кептери, адам баласынын билимүүлүгү анын жашоодо сөзсүз ийгиликке жетерин айгинелеп турат [4].

Изилдөөнүн натыйжалары. Кытайдын улуу философу Конфуций менен кыргыздын алп жазуучусу Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалимдеги” айтылгандардан бир топ шайкештиктер мисалдар аркылуу далилденди. Конфуций өзүнүн накыл сөздөрүн насаат катары калтырып кеткен болсо, ал эми Айтматов өзүнүн чыгармаларында каармандардын образы, сөздөрү аркылуу бергендиги иштин актуалдуулугун көрсөтүп турат.

Корутунду. Жогорудагы шайкештиктерди талдап салыштырууда төмөнкүдөй жыйынтыктарга токтолдук: Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасы адамзатты педагогикалык идеяларга шыктандырган көркөм табиятынын куралган педагогикалык кенч болсо, Конфуцийдин басып өткөн жолу, калтырып кеткен нуска кептери Кытай маданиятында жашоо эрежеси катары калыптанган. Бүгүнкү күнгө чейин официалдуу кытай тилинде Конфуций тарабынан колдонулган *го цзя* (мамлекет, үй-бүлө) термини сакталат. *Сяо* категориясы ата-энени жана улууларды сыйлоо дегенди түшүндүрөт. Ал эми *жень* категориясы Конфуцийдин гумандуулук, бийик даанышмандык, ак көңүлдүк, кайрымдуулук маанилеринде колдонулат [6, 156-б.].

Бул концепцияларды Айтматовдун чыгармаларынын ар биринен кездештирүүгө болот. Анткени адам баласынын адеп-ахлактык жактан жакшы жакка өзгөрүүсү өлкөнүн келечеги үчүн маанилүү. Адеп-ахлактын жетишсиздигинен, таалим-тарбиянын тайкылыгынан, түптөлгөн кыянатчылыктан, кыямат келип чыгары айтпаса да белгилүү. Адеп-ахлак көрөңгөбүз бөксөрбөөсү үчүн биз улуу адамдардын калтырып кеткен накыл кеп, философиялуу ой жүгүртүүлөрү камтылган чыгармаларды окушубуз, окутушубуз зарыл.

Учурда адам баласынын, коомдун көңүлү китепке бурулбай, көбүнчө телефон, телевизор, компьютерге бурулуп калганы белгилүү. Техниканын тез өнүгүүсү адамзатка мыкты кызматын көрсөтүп жатканы менен руханий байлыктын, адамгерчилик касиеттердин бөксөрүп калуусуна шарт түзүп жатат. Китеп окубаган, чыгармаларды

баракта баган жаштардан мээримдүүлүк, кайрымдуулук, таалим-тарбиянын баалуулугунан кабардар болбой калуу коркунучу туулат.

Билим жандуу, дайыма толукталып, жаңыланып туруучу дөөлөт. Мугалим ар дайым өз билимин өркүндөтүп турууга умтулушу керек. Мугалимдик улуу кесиптин эрежелерин унутта калтырбоо зарыл. Эки элдин адабий, маданий, тарыхый карым-катышын чыңдоо үчүн Айтматов таануу борборлорун, Айтматовдун жеке китепканаларын, ал эми жогорку окуу жайларында Айтматов институтун ачуу маселеси заман талабы.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында адам баласына жакындаган алааматтан алдын ала сактануулары керектиги, таалим-тарбиянын, адамдын аң-сезиминдеги акыл-эстин улуу жүрүшү түбөлүктүү экендиги айтылып келгендиги менен баалуу. Анын чыгармаларындагы образдар окурмандын дүйнөгө болгон көз карашына зор таасирин тийгизип, ар убакта кеңешчиси болуп кала берет.

Адабияттар

1. Абдухамидова Б. Кыргызча кеп адеби. Б., 2007
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 2-том. Повесттер, ангемелер түз.
3. А. Акматалиев.-Б.: Бийиктик, 2008.
4. Айтманбетов А. Кеп маданияты. – Б., 2004.
5. Ботобекова А. Ишарат сырлары. – Б., 2000.
6. Болотбекова А. Администрациялык этика: Окуу китеби. – Б., 2003.
7. Блинников Л.В. Великие философы: Учебный словарь-справочник. 2- е изд., перераб. И доп. М.: "Логос", 1999.
8. Дин Жуджунь, М.М.Ковалев, В.В.Новик. Феномен экономического развития Китая: Научное издание. Мн.:Издательскийцентр БГУ, 2008